***АЛЫБАЕВ ЭЛХАН***
*1 курс, Кыргызский Государственный Технический Университет*
*кол-во баллов 16,6 (из 21)*
*II МЕСТО. Группа «Студенты», Иссык-Кульская область, с. Барскоон*
*2022, Март*

# Шахмат мен үчүн..

Шахмат - бардыгынын: жашоонун, сүйүүнүн, согуштун, саясаттын, тирешүүнүн аллегориясы. Адамдар турмушундагы бардык жеңиштер (стратегиялык эсептөө) карама-каршылыктардын тирешүүсүнөн жаралган. Ак менен кара, жаман менен жакшы, согуш менен тынчтык, бар менен жок...

Шахматта да тирешүү: ак менен каранын, коргонуу менен чабуул коюунун, эки түрдүү ой жүгүрткөн эки акыл ээсинин, эки философиянын...

Шахмат адам баласы качандыр ойлоп тапкан укмуштардын бири десек болот. Анын жаралышы жөнүндө түрдүү уламыштарды айтышат. Эмнеси болсо да, шахматты керемет акыл сынагы деп эсептейм. Ал турмуштун, жашоонун саясатына окшош. Анын да төбөлү-ханы-шахы, пешкасы, пили,аты бар. Оюн бүткөндөн кийин баары бир кутучадан орун алышы, окшош болуп калышы да жашоонун, өлүмдүн өзү сымал.

“Шахмат – формасы боюнча - оюн, маңызы, мазмуну боюнча - искусство, оордугу боюнча – илим” ,- деген экен Тигран Петросян.

Демек, деп ойлодум мен, – шахматты үйрөнүп, оюн ойноймн, искусствого арбалгандай, жан дүйнөм тазаланат(катарсис!), ошол эле учурда ийне менен кудук казгандай илимге ээ болом.Шахмат ушул көп жактуулугу менен мени озүнө тартат. 6 жашымда аны үйрөнүп жатканда эле аныне сыйкыр күчүнө арбалган болуум керек. Эгер мээнет менен талыкпай алдыга умьтулсаң, пешка сымал өзүң каалаган фигурага айланасың! 8 * 8 жатканын чексиздик(∞) деп билебиз. Шахматта да адамдар чексиздикке жакын. Анан дагы 4(4 пил, 4 ат, 4 ладья) деген сандын көп болушу да мага жагат. Төрт – кыргызда көптүктүн белгиси.

Мен – Барскоондун бапа элинин бир кулунумун. Айылыбызда шахмат сүйүүчүлөрүнүн расмий эмес коому бар. Айылдын түмөн түйшүгүнүн агылгаларында шахматтын фанаты болгон агаларыбыз чогулуп алып шахмат ойношот. Ортого 100 сомдон чогултушуп, аны жеңүүчүгө ыйгарышат. Биздей кичинекей балдарды чакырып алышчу. Бизди ошол учурда акча эмес кумарлануу, берилүү бириктирчү. Ынтымактары да бар: жакшылык, жамандыкта, дасторкон үстүндө чогултушуп, чер жазыша пикир алыша да коюшат. Кыскасы, түрдүү курактагы , түрдүү адамдарды бириктире ала турган күч!

“Шахмат – акылдын гимнастикасы”, - деген улуулардын учкул сөзү да ырас. Азыр мен – студентмин. И.Раззаков политехникалык окуу жайынын маалымат технологиялар факультетинде бюджеттик негизде окуйм. Айыл жери үчүн жакшы упай (202 балл) алып өткөм. Окуу жайга өтүшүмө шахмат ойношум түрткү болгондой сезилет. Демек , шахмат мен үчүн өмүрүмдүн негиздүү бир бурчу!

***АЛЫБАЕВ ЭЛХАН***

*1 курс, Кыргызский Государственный Технический Университет*

*кол-во баллов 16,6 (из 21)*

*II МЕСТО. Группа «Студенты», Иссык-Кульская область, с. Барскоон*

*2022, Март*

Шахматка жана Аруузат аттуу наристени колдоого арналган иш чаранын алкагындагы дилбаяндар сынагына катышып жатып, шахматта канча жүрүш болсо, адамдардын арасындагы жакшылыкка багытталган иштер да ошондой көп болушу керек деген ой кетти. Ансыз деле шахмат ойноонун көп пайдасы бар экени окумуштуулар тарабынан аныкталган. Ал вербалдуу ишмердүүлүктү, критикалык ой жүгүртүүнү, абстрактуу, логикалык көйгөйдү чечүү жолдорун, образдарды ажыратып билүүнү, страгегиялык пландоону жакшыртат. Чыдамкайлыкка жана жеңишке, максатка умтулууга үйрөтөт. Шахмат ойногондордун эмоционалдык кабыл алуусу жакшырат экен. Ошондуктан шахмат ойногон биздин инсандар Кыргызстандын шахмат федерациясынын Президинти Бабур Төлбаев баштаган демилгени колдошот деп ойлойм.